**Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги**

**Т.Кулатов атындагы Кызыл-Кыя тоо техникалык инновация жана экономика колледжи**

«Каралды»
Педагогикалык
кеңешменин №1 протоколу
2023-ж «30» август

«Бекитемин»
Матосмонов Ж.Дж
от «30» август 2023-ж

# Т.Кулатов атындагы Кызыл-Кыя тоо техникалык инновация жана экономика колледжинде билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү жөнүндөгү

# ЖОБОСУ

## 1. Жалпы жоболор

1.1. ККТТИжЭ колледжинде студенттердин билим сапатына мониторинг жүргүзүү жөнүндөгү жобо (мындан ары Жобо) Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында окуган студенттердин билимине мониторинг жүргүзүү жөнүндөгү жобосунун жана ККТТИжЭ коллеждинин уставынын негизинде иштелип чыгып, билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүүнүн негизги мазмунун жана тартибин аныктайт. Билим сапатына мониторинг жүргүзүү бул колледждагы билим берүү ишмердүүлүгүн баалоо процедурасын жүргүзүүдө билим сапаты жөнүндөгү маалыматтарды топтоо, жалпы анализ берүү болуп эсептелет. Мониторингдин негизги обьекти болуп студент, окутуучу жана билим берүү процессинин өзү эсептелет.
1.2. Мониторинг ККТТИжЭколледжинин 1-2 курстары үчүн гуманитардык, социалдык экономикалык, математикалык жана табигый циклдағы предметтерден, ал эми 3-4 курстар үчүн профессионалдык циклдагы предметтерден жүргүзүлөт.

## 2. Мониторингдин максаты, милдеттери жана функциялары

1.1. Мониторинг жүргүзүүнүн негизги максаты - студенттердин окуу процессинде алган билимдеринин сапатына, компетенцияларына жалпы анализ жасоо жана кыска мөөнөттөгү прогноздоо иштерин жүргүзүү.
1.2. Билим берүүнүн сапатына жүргүзүлүүчү мониторингдин милдеттери төмөнкүлөрдөн турат:
-негизги билим берүү программасына ылайык окуу процессинин натыйжасында калыптанган калдык билимдердин (остаточное знание) реалдуу картинасын түзүү жана сапаттык жана абсолюттук жетишүүсүнө талдоо жасоо;
-ККТТИжЭ келлджиндагы билим берүүнүн сапатына үзгүлтүксүз көзөмөлдөө жана маалыматтарды алуу:
-билим берүүнүн сапатынын динамикасына таасир этүүчү факторлорго салыштырмалуу талдоо жасоо жана сунуштарды берүү;
-мониторинг жүргүзүнүн натыйжасында алынган маалыматтарга ылайык билим берүү сапатын жогорулатуу боюнча башкаруу чечимдерин иштеп чыгуу.
2.3. Билим сапатына мониторинг жүргүзүүнүн функциялары:

-колледж боюнча жүргүзүлгөн мониторингдин көрсөткүчтөрү боюнча материалдарды топтоо;

-билим сапатынын динамикасына таасир этүүчү факторлорду аныктоо жана салыштырма анализдерди жүргүзүү;
-мониторингдин негизинде алынган маалыматтарды кызматтык милдеттерине ылайык маалымдоо.

## 3. Мониторингди даярдоо жана өткөрүү тартиби

3.1. Мониторинге даярдануу жана өткөрүү ККТТИжЭ колледжинин жетекчилиги тарабынан алдын ала белгиленген предметтер боюнча оозеки же жазуу түрүндө, бекитилген графикке ылайык жүргүзүлөт. Тиешелүү циклдар мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык мониторинг өткөрүү үчүн 3 варианттан кем болбогон (ар бири 30 суроону камтыган) тесттик тапшырмаларды, жазуу жүзүндөгү же текшерүү иштерин даярдайт жана алардын варианттарын аныктайт. Тапшырмалар студент бир сааттын ичинде аткарып бүтүүсүн эске алуу менен иштелип чыгуусу зарыл.
3.2. Студенттердин билимине мониторинг жүргүзүү үчүн даярдалган тапшырмалардын топтому циклдын жыйынында талкууланып, билим берүүнүн сапаты бөлүмүнө тапшырылат.
3.3. ККТТИжЭ колледжинин окуу иштери боюнча директорунун орун басары мониторинг өткөрүү боюнча бардык иш аракеттерди координациялайт, окуу жана билим берүүнүн сапаты бөлүмүнүн кызматкерлери мониторингди уюштуруп өткөрүүгө түздөн түз катышат.
3.4. Мониторинг жүргүзүүнүн натыйжасында баалоо критерийлери ККТТИжЭКда кабыл алынган жобого ылайык жүргүзүлүп, "эң жакшы", "жакшы", "канаттандыраарлык", "канаттандырарлык эмес" деп бааланат.
3.5. Мониторингке белгилүү себептер менен катышпай калган студент "келген жок" деп белгиленет жана жыйынтыгында "канаттандыраарлык эмес" деген категорияга киргизилип, орточо жыйынтык баа чыгарылат. 3.6. Мониторинг өткөрүүнүн натыйжасында статистикалык отчет түзүлөт жана отчетто студенттердин билим деңгээлинин жана компетенцияларынын калыптануусунун сапаттык анализи берилет.